***Ормушев А.С.,***
Махмуд Кашгари-Барскани атындагы
Чыгыш университетинин профессору,
тарых илимдердин доктору

# ДҮЙНӨЛҮК КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫНДА ӨТКӨРҮЛГӨН МАДАНИЙ ИШ-ЧАРАЛАРДЫН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Макалада дүйнөлүк көчмөндөр оюндарындагы маданий иш-чаралардын өзгөчөлүктөрү талдоого алынат.*

*Ачкыч сөздөр: көчмөндөр, маданий иш-чара, оюн, улуттук оюндар.*

Дүйнөнүн белгилүү илимпоздору жана саякатчылары А. Марцелин, Сыма Цянь, Рашид Аль-Динь, Ж.Дегоня, Ж. Боден, А. Смит, Я.Н. Гумилев, В. В. Радлов, В. В. Бартольд, Н. А. Аристов, Ю. С. Худяков өздөрүнүн илимий эмгектеринде жана саякаттап жүргөндөгү эскерүүлөрүндө көчмөн жоокерлерди басып алуучу, талап тоноочу, ырайымсыз жапайы адамдар катары сүрөттөп жазышкан. Бирок байыркы илимпоздор жана саякатчылар көчмөндөрдүн күнүмдүк турмуш жашоосунда колдонгон бай маданиятары бар экендигин илимий жактан изилдөөнү эске албаган сыяктуу.

Көчмөндөрдүн талаа түздөрдө, асман тиреген аска тоолордо, учу кыйры жок чөлдөрдө жашаган этностордун, уруулардын жана элдердин маданиятарынын көптөгөн түрлөрү сакталып, атадан балага ыйык мурас катары өтүп келүүдө. Дүйнө көчмөндөрүнүн байыртадан бери ар бир этносто сакталып келе жаткан каада-салттын маданий баалуулуктарын жаңы муунга тааныштыруу максатында 2012-жылы Бишкекте өткөн Түрк тилдүү мамлекеттердин II саммитинде Кыргыз Республикасынын Президенти А.Ш.Атамбаев тарабынан **“Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары”** Эл аралык улуттук долбоор катары сунушталып, “Бишкек Декларациясы” менен бекитилген [1].

Биринчи жолу Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын 2014-жылы Кыргызстанда уюштуруу белгиленип, атайын иш-чараларды өткөрүү тобу түзүлгөн. Бул оюндарды үч багытта өткөрүү белгиленген. **Биринчиси** – улууттук спорттук мелдештер. **Экинчиси** – улуттук маданий иш-чаралар. **Үчүнчүсү** – көчмөндөрдүн тарыхына жана маданиятына арналган илимий жыйын [2].

Биз сиздерге сунуштаган илимий макалабызда көчмөндөрдүн улуттук маданий оюндарын уюштуруудагы жана өткөрүүдөгү өзгөчөлүктөрүнө, артычылыктарына илимий багытта иликтөө жүргүзүүгө аракеттендик.

II Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын “Кырчын” жайлоосунда өткөрүлгөн маданий иш-чараларынын негизги өзөгүн көчмөндөрдүн “Хан көтөрүү” салтына арналган театралдашкан оюн-зоогу түзгөн. “Кыргыз айылынын” көрүнүшү, ошол мезгилдеги доорду чагылдырган. Оюнду коючу режиссер А. Максутовдун сунушу менен кыргыз айылында жайгашкан “Хан ордосу”, бийлердин, байлардын, манаптардын, айыл аксакалдарынын, аскер башчыларынын жашоосуна ылайыкташкан 288 мыкты жасалгаланган боз үйлөр тигилген. Бул театралдашкан оюн-зооктун өзгөчөлүгү катары “Хан көтөрүү” талаа спектаклинде, миңден ашык актёрлор катышкан оюн жогорку чеберчиликте аткарылгандыгын баса белгилесек болот. Мындан сырткары экинчи дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын Кырчын жайлоосунда өткөн улуутук маданий оюн-зооктор фестиваль түрүндө өткөрүлгөн. Мисалы, улуттук ырлар, бийлер, улуттук кийимдердин сынагы, улуттук тамак-аштардын конкурсу, кыргыз бой үйлөрдүн жасалганышы, боз үйдү ыкчам тигүү жарышы, улуттук каада-салттарды театралдаштырып көрсөтүү жана тарыхый инсандардын басып өткөн жолун, алардын ата-мекенди коргоодогу эрдигин ачып берип, тарыхый экспонаттардын көргөзмөсү уюштурулган. Бул маданий сынактарды өткөрүүнүн натыйжасында эгемендүү Кыргыз Республикасы бир нече утушка ээ болду. Биринчиден, көчмөн кыргыз элинин бай маданияты бар экендигин дүйнө жүзүндөгү көптөгөн элдер билип, маалымат алышты, экинчиден,

унуттта калган кыргыз элинин байыркы маданиятын бүгүнкү күндүн талабына шайкеш келе турган заманбап улуттук баалуулуктарды көтөрүп чыкты, үчүнчүдөн, жаш жеткинчектерге өткөн доордун бай мурастарын иш жүзүндө көрсөтө алды, төртүнчүдөн, кыргызстанда жашаган элдердин аймактык маданий өзгөчөлүктөрүн жана баалуулуктарын таанытты [3].

"Кырчын" жайлоосунда өткөрүлгөн маданий иш-чаралардын өзгөчөлүгү катары боз үйдү ылдамдыкта тигүү сынагын белгилөөгө болот. Бул оюн башка маданий иш-чаралардан айырмаланып, өтө бат жана шаңдуу өтүшү менен көрүүчүлөрдү өзүнө тарта алды. Мелдеште беш жигиттен турган топ 15 минутанын ичинде 75 баш боз үйдү баардык жабдуулары менен эрежелерин сактап туура тигүү талабы коюлган. Калыстар тобу, шамдагайлар тарабынан тигилген боз үйдүн жабдылышынын улуттук салттуулугуна, боо-чууларынын табыгый нукуралуугуна, уюштуручулук жөмдөмдүлүгүнө, убакыттын туура сакталышына көңүл бурушкан [4]. Натыйжада, боз үйдү шамдагай тигүүчүлөрдүн оюну бардык областтарда жана райондордо ар кандай маданий иш-чараларды өткөрүүдө кеңири колдонулуп, улуттук оюн катары кабыл алынды.

Улуттук кийим-кечелердин сынагында аялдардын баш кийимдеринин ичинен ак элечектердин оронуу боюнча аймактар аралык өзгөчөлүктөрү көрүүчүлөрдүн зор кызыгуусун жарата алды. Айрыкча "Кийиз дүйнө" чыгармачыл тобунун жетекчиси Айдай Асангулованын заманбап стилде жасаган элечектеринин көптөгөн түрлөрү жана көчмөндүк турмуштан алынган жана өзгөчөлөнүп жасалганганын калыстар тобу тарабынан жогору бааланган [5].

III Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын маданий иш-чаралары II Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүүгө караганда көптөгөн жаңы чыгармачыл ойлор жана изденүүлөр менен толукталууда. Ошондуктан мурдагы өткөн маданий оюндарга салыштырмалуу бир нече өзгөчөлүктөргө ээ болуп жаңы оюн-зооктордун Долбоору сунушталып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан бекитилген. "Кырчын" жайлоосундагы өтүүчү көчмөндөр фестивалы эки багытта өтүшү каралган. **Биринчи багыты** Эл аралык этно-ыр, этно-бий жана этно-мода фестивалы катары өткөрүү каралган.

**Экинчи багыттагы** маданий иш-чаралар республиканын алкагында өтүүчү "Көчмөндөр жаңырыгы" сынагы менен коштолот. Бул багытта мурдагы оюндардан өзгөчөлөнгөн кыргыз элинин тарыхындагы "Алтын доор" деп аталган Кыргыз уулу кагандыгынын мезгили театралдаштырып көрсөтүлөт [6].

Мындан сырткары республикалык кароо сынакка мурдагылардан өзгөчөлөнгөн төрт жаңы мелдештин түрлөрү киргизилди. Буга көчмөндөрдүн турмуштук оюндары: ийик ийрүү, жүк жыйуу, чий согуу, ала кийиз жасоо, терме (өрмөк) согуу, кыл аркан эшүү, камчы өрүү, зергерчилик, акыйнек айтыш, уук жасалуучу талды тез арчуу (11 түрү) сыяктуу оюндардын талабы жана эрежелери жаңыдан жазылып кароо сынакка катышуучуларга таратылды. Аталган маданий оюндун артыкчылыгы көчмөндөр өздөрүнүн күнүмдүк турмушунда колдонуп жүргөн өнөрдү ким тез жана сапатту, жасоо менен алардын эрежелерин бузбай аткара алышы менен көрүүчүлөрдү кызыктара алат деген ойдо киргизилди [7].

Республикалык маданий чыгармачыл топтор тарабынан теартaлдаштырып көрсөтүлө турган улуттук кадаа-салттарга адам баласынын төрөлгөн мезгилден баштап өмүрүнүн акырына чейинки убакытта ага арналып өткөрүлгөн салттар сунушталды. Мисалы, наристенин төрөлүшүнө байланыштуу каада-салттар (жентек той-бешикке салуу); тушоо кесүү; сөйкө салуу; кыз оюну; кыз узатуу; келин алуу; жаңы үй көтөрүү; түлөө берүү; хан көтөрүү; бактылуу карылык (90-100 жашты белгилөө) сыяктуу каада-салттарды театралдаштырып көрсөтүү каралууда [8].

Улуттук тамак-аштар сынагына "Гүл азык" деген аталыштагы жасалган тамак-аштар даярдалып, алып келинет. Бул сынак оюндун биринчи күнү кароого коюлуп, калыстар тобу тарабынан бааланат.

Төртүнчү өзгөчөлүгү болуп, жаңы сынак катары көркөм сүрөт өнөрлөрүнүн чыгармалары (живопись, графика жана скульптура) көргөзмө түрүндө көрсөтүлөт [9].

Бешинчи өзгөчөлүгү болуп, Кырчын жайлоосунда жайгаштырылган **“ЭТНО-БАЗАРДЫН”** жасалгаланышы. Улуу Жибек Жолунда жайгашкан көчмөн кыргыздардын базары улуу кыргыз кагандыгынын мезгилин даңазалап турат. Бул базарда Кытай, Индия, Монголия, Иран, Араб өлкөлөрүнөн келген соодагерлердин товарлары жайгаштырылат. Мындан сырткары бул этно-базарда кол өнөрчүлөрдүн сынактары өткөрүлөт.

Жыйынтыктап айтканда экинчи жана үчүнчү дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында көрсөтүлгөн маданий иш-чаралардын негизги максаты болуп кыргыз элинин байыркы карт тарыхынын алтын доор мезгилдерин, бай маданиятын дүйнөлүк коомчулукка тааныштыруу. Экинчиден, көчмөн турмушту башынан өткөргөн дүйнөдөгү урууларды, элдерди, коомчулуктарды, мамлекеттерди, байыркы ата-бабалардын маданияттарын даңазалоо аркылуу дүйнөлүк чыгармачыл топтордун байланыштарын чыңдоо. Үчүнчүдөн, өсүп келе жаткан жаңы муунга ата-бабадан калган маданий мурастын көп түрдүүлүгүн жана кырдуулугун тастыктап берүү.

**Пайдаланылган булактар жана адабияттар**


1. Кыргыз Республикасынын Президентинин архиви. Ф.1.оп.1. д.141. л.19.
2. Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министринин архиви. 2014-жыл.
3. Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министринин архиви. 2016-жыл.
4. Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министринин архиви. 2016-жыл.
5. Кыргыз Республикасынын маданият жана маалымат министринин архиви. 2016-жыл.
6. А.С.Ормушевдин өздүк архиви. 2018-жыл.
7. А.С.Ормушевдин өздүк архиви. 2018-жыл.
8. А.С.Ормушевдин өздүк архиви. 2018-жыл.
9. А.С.Ормушевдин өздүк архиви. 2018-жыл.



***Ормушев А.С.,***
ВУ, д.и.н., профессор
***Мырзаханов Е.Н.,***
Кокшетауский государственный
университет им. Ш. Ш. Уалиханова.
Республика Казахстан, г. Кокшетау, аспирант


## ИСТОРИЧЕСКИЕ АСПЕКТЫ ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВА ТОРГОВО-ПРОМЫШЛЕННОЙ И В СЕЛЬСКОХОЗЯЙСТВЕННОЙ СФЕРАХ В АКМОЛИНСКОЙ ОБЛАСТИ В КОНЦЕ XIX - НАЧАЛЕ XX ВВ.


*Данная статья старшего преподавателя кафедры юриспруденции Мырзаханова Е.Н. на тему «Предпринимательство торгово-промышленной и в сельскохозяйственной сфере в Казахстане, в том числе Акмолинской области в конце XIX - начале XX вв.» в настоящее время является актуальной темой.*

*В данной статье автор рассматривает вопросы зарождение предпринимательства в Казахстане в современном концептуальном понимании относится ко второй половине XIX - началу XX вв., и связано с проникновением капиталистических отношений в его традиционную экономику.*

*This article is a senior lecturer of law Myrzahanova EN on "Entrepreneurship and Trade and Industry in the agricultural sector in Kazakhstan, including Akmola region in the late XIX -. The beginning of the XX century" is currently a hot topic. In this article, the author examines the conceptual understanding in the modern emergence of entrepreneurship in Kazakhstan dates back to the second half of XIX - early XX centuries, and due to the penetration of capitalism in its traditional economy.*